КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

БИШКЕК ш., ӨКМӨТ ҮЙҮ 2001-жылдын 9-июлу, № 326 г. БИШКЕК, ДОМ ПРАВИТЕЛЬСТВА

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетине караштуу Мамлекеттик тил жана маданият институтун түзүү тууралу

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 20-сентябрындагы "2000-2010-жылдары Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин өнүктүрүү программасы жөнүндө" Указын ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетке караштуу Мамлекеттик тил жана маданият институту филология факультетинин базасында түзүлсүн.

2. Мамлекеттик тил жана маданият институту И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университеттин Камская көч., 10 дарегиндеги "Б" окуу корпусуна жайгаштырылып, 2002-жылдын августунан тартып "А" корпусуна көчүрүлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлиги 2001-2002-окуу жылынан тартып Мамлекеттик тил жана маданият институту үчүн жыл сайын 50 орунга студенттерди кабыл алуу эсебинен бюджеттик каражат бөлүштүрсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 15-мартындагы "Мамлекеттик тил жана маданият институтун түзүү жөнүндө" N 99-токтому күчүн жоготту деп табылсын.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлигине жүктөлсүн.

Премьер-министр К.Бакиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

БИШКЕК ш., ӨКМӨТ ҮЙҮ

г. БИШКЕК, ДОМ ПРАВИТЕЛЬСТВА

от 9 июля 2001 года № 326

**О создании Института государственного языка и культуры при Кыргызском государственном педагогическом университете им.И.Арабаева**

В целях реализации Указа Президента Кыргызской Республики "О Программе развития государственного языка Кыргызской Республики на 2000-2010 годы" от 20 сентября 2000 года Правительство Кыргызской Республики постановляет:

1. Создать Институт государственного языка и культуры при Кыргызском государственном педагогическом университете им.И.Арабаева на базе факультета филологии.

2. Разместить Институт государственного языка и культуры в учебном корпусе "Б", с последующим переводом с августа 2002 года в корпус "А" Кыргызского государственного педагогического университета им.И.Арабаева по адресу: ул.Камская, 10.

3. Министерству образования и культуры Кыргызской Республики начиная с 2001-2002 учебного выделять Институту государственного языка и культуры бюджетные средства из расчета ежегодного приема студентов на 50 мест.

4. Признать утратившим силу постановление Правительства Кыргызской Республики от 15 марта 2001 года № 99 "Об образовании Института государственного языка и культуры".

5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на Министерство образования и культуры Кыргызской Республики.

Премьер-министр К.Бакиев